ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМ ҮЧҮН КОАЛИЦИЯСЫ

# ЖОЛДОРДОГУ КЫРДААЛ КЫРГЫЗСТАНДЫКТАРДЫН КӨЗҮ МЕНЕН

Кыргызстандын жарандарын телефон аркылуу сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча отчет

**Июль 2018**

## КИРИШ СӨЗ

“Демократия жана жарандык коом үчүн” коомдук уюму 21-майдан баштап 29-майга чейин жалпы улуттук телефон аркылуу социологиялык сурамжылоо жүргүздү.

Бул сурамжылоонун максаты – Кыргызстандын жарандарынын Кыргыз Республикасынын жолдорундагы кырдаал тууралуу пикирлерин билүү

## МААЛЫМАТТАРДЫ ТОПТОО ЖАНА ТАЛДОО ЫКМАСЫ

Сурамжылоо телефон сурамжылоосунун CATI (Computer Assisted Telephone Interviewing) адистештирилген компьютердик системасынын жардамы аркылуу жүргүзүлдү. Мындай ыкма социалдык жактан маанилүү маселелер боюнча маалыматтарды тез жана сапаттуу топтоого мүмкүнчүлүк берет. Телефон аркылуу сурамжылоонун маанилүү артыкчылыгы маалыматты тез алууга жана аны ошондой эле тез иштеп чыгууда турат. Ошондой эле артыкчылыктардын бири ишенимдүүлүк болуп саналат, анткени уюмда оператордук бөлмөгө түздөн-түз катышуу менен сурамжылоо жүргүзүүгө көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү бар. Мындан тышкары интервьюерлер кайсы гана жүргүзүлүп жаткан сүйлөшүүнү болбосун тыңшай ала турган жана интервьюерлердин ишин көзөмөлдөөчү супервайзердин көзөмөлү алдында болушат.

Сурамжылоо үчүн уюлдук телефон номерлер атайы иштелип чыккан компьютердик программа менен капыстан тандалган болчу. Андан тышкары стационардык телефондорго чалууүчүн ар бир област боюнча стационардык телефон номерлеринин маалыматтар базасы колдонулду.

**Изилденип жаткан жыйындылар**

Изилденүүчү жыйынды Кыргызстандын 18 жашка толгон жана андан улуу курактагы, өлкөнүн 9 аймагы: Бишкек ш., Ош ш., Чүй областы, Ысык-Көл областы, Талас областы, Нарын областы, Жалал-Абад областы, Ош жана Баткен областынын аймагында туруктуу жашаган шаардык жана айылдык жашоочулар болду.

| **Мүнөздөмөлөр** | **Тандоого бөлүштүрүү** | **2016-жылга карата УлутСтатКомдун маалыматтары боюнча % менен өлкөгө бөлүштүрүү** |
|---|---|---|
| **Жынысы** | | |
| Эркектер | 48,4% | 48,6% |
| Аялдар | 51,6% | 51,4% |
| **Курагы** | | |
| 18-34 | 48,5% | 47,8% |
| 35-54 | 35,8% | 34,5% |
| 55+ | 15,7% | 17,7% |

*1-таблица. Үч демографиялык мүнөздөмө боюнча тандалма жана башкы жыйындыларды салыштыруу*

**Тандоо дизайны**

Тандоо жети областтын жана Бишкек жана Ош шаарларынын ортосунда бирдей бөлүштүрүлгөн. Мындай тандоону тегиз бөлүштүрүү статистикалык жаңылыштыктарды азайтууга мүмкүнчүлүк кберди. Ошондой эле телефон аркылуу сурамжылоонун жүрүшүндө шаардык калктуу пункттарга тандоо ашыкча болгон. Башкы жыйындыга салыштырмалуу тандалма жыйындыны курамындагы кетирилген пропорцияларды калыбына келтирүү үчүн өзгөрмөлүү "Областты" салмактоо жолу аркылуу тандоонун параметрлерине коррекция жүргүзүлдү. Бул үчүн эки өзгөрмөлүү үчүн алынган категориялар, салмактык коэфиценттер көбөйтүлдү. Ар бир өзгөрмөлүү үчүн салмактык коэффициенттер төмөндөгү формула боюнча чыгарылды:

*wi = Pi / pi, кайда*
*wi- салмактык коэффициент*
*Pi - i (УлутСтаткомдун маалыматтары) жаатындагы адамдар үчүн, ал эми*
*pi – ээ болгон тандалмадагы областагы адамдардын үлүшү i-.*

Интервьюрерлер телефон чалып сүйлөшө алган 1039 потенциалдуу респондентердин ичинен жалпысынан 738 адам сурамжылоого катышууга макулдугун беришти (жооп бергендердин саны 78%ды түздү). Мындай тандалма жыйындынын көлөмү үчүн 0,95 ишеним деңгээлиндеги тандоонун максималдуу статистикалык жаңылышуусу 3,61%ге барабар.

Респонденттерди жалпы тандоо жыныс курагынын квоталарына, аймактык квоталарга (област/шаар/айыл), ошондой эле уюлдук гана, стационардык гана колдонуу боюнча квоталар жана мобилдик дагы, стационардык дагы байланышты колдонуучу респонденттер үчүн квоталарга көзөмөл кылуу менен ишке ашырылды.

Стационардык телефон номерлерге чалуу учурунда трубканы ким көтөрсө ошол суралды. Капыстан тандоо стационардык номерлер маалыматтардын жалпы базасынан капыстан тандоо ыкмасы менен тандоо аркылуу камсыздалды. Уюлдук номерлерге чалуу учурунда трубканы ким көтөрсө ошол респондент суралды. Уюлдук телефондордун номерлери атайы программалык камсыздоонун жардамы менен тандалды.

Респонденттер уюлдук жана стационардык байланыштын төмөндөгү операторлорунун кызматтарынан пайдаланган жарандар болушту:

-Beeline
-Megacom
-O!
-Кыргызтелеком

**Маалыматтарды иштеп чыгуу**

Сурамжылоонун жыйынтыктарын иштеп чыгуу SPSS статистикалык жана эконометриялык моделдештирүүнүн адистештирилген программалык камсыздоо пакетин пайдалануу менен жүргүзүлдү.

**Сурама**

Телефон сурамжылоосу үчүн анкета 6 демографиялык жана жолдогу коопсуздук деңгээлин баалаган, Кыргызстандын калкынын түзүлгөн кырдаалга карата пикирлерин камтыган 15 суроодон турду. Анын ичинде респонденттер өлкө боюнча жолдордун жана жол жабууларынын абалына жана сапатына, жөө жүрүүчүлөрдүн маданиятына, айдоочулардын тартибине жана даярдык деңгээлине, ЖККББнын кызматкерлеринин компетенттүүлүгүнө, ошондой эле респонденттер жогоруда аталган органды реформалоого байланыштуу кандай өзгөрүүлөрдү байкап жаткандыгы боюнча өздөрүнүн баасын беришти.

Анкета жабык жана жарым-жартылай жабык суроолордон турду. Инструментарий орус тилинде түзүлүп, кыргыз тилине которулган. Эки вариант тең респонденттин тилине жараша сурамжылоо учурунда колдонулду. Бир анкетаны толтурууга 2 мүнөттөн 9 мүнөткө чейин убакыт кетти, орто эсеп менен 3 мүнөт болду.

## ИЗИЛДӨӨНҮН КЫСКАЧА РЕЗЮМЕСИ

Бул социологиялык сурамжылоо Кыргызстандын калкынын өлкөнүн жолдорундагы коопсуздук деңгээли жана кырдаалдар жөнүндө пикирин талдоо максатында жасалды.


- Коомдук транспорт сурамжыланган кыргызстандыктардын көпчүлүгү (61%) үчүн шаарлардагы орун которуштуруунун негизги каражаты болуп саналат. Жеке автоунаа калктын 34,3%ы үчүн күнүмдүк жашоодо бир орундан экинчи орунга баруу үчүн артыкчылыкка ээ. 3,5%ы гана күнүмдүк жашоодо жөө басышат.
- Коомдук транспорт эркек жынысындагы респонденттерден (орто эсеп менен 39,2%) айырмаланып, бардык курактагы аял жынысындагы респонденттердин арасында көп суроо-талапка ээ (орто эсеп менен 81,4%).
- Сурамжылангандардын 44,4%ынын айдоочулук күбөлүгү бар. Алардын арасында айдоочулук күбөлүгү бар эркектерден үлүшү аялдардын үлүлүшүнө (73,9% каршы 16,8%) караганда басымдуулук кылат.
- «B» жана «C» категориялары айдоочулук күбөлүктөрү бар кыргызстандыктардын арасында көбүрөөк жайылган болуп саналат. «B» категориясы аял жынысындагы айдоочулар (87,5%) арасындагы айдоочулук күбөлүктөрдө көбүрөөк жайылган, ошол эле учурда ал эркектер арасында аз (48,5%). Сурамжыланган эркектердин үчтөн көп бөлүгү (38,6%) «C” категориясына ээ.
- 48,5% респондент 10 жылдан ашык убакыттан бери айдоочулук күбөлүккө ээ. 25,9%ы аны акыркы 5-10 жыл ичинде алышкан. Ар бир сегизинчи адам 3 жылдан 5 жылга чейин айдоочулук күбөлүккө ээ (12,8%) – мындай респонденттердин үлүшү айдоочунун күбөлүгүнө 3 жылдан азыраак убакытта ээ болгондордун арасында байкалат.
- Жол кыймылынын аспектилеринин көпчүлүгү респонденттер тарабынан “төмөн” же “дээрлик төмөн” деп бааланат. Өзгөчө жол кыймылынын: жол жана жол жабууларынын абалы/сапаты (82,9%), айдоочулардын тартиби (77,2%), жүрүм-турум маданияты жана жөө жүрүүчүлөрдү укуктук даярдык (73,8%) сыяктуу аспектилери “төмөн” же “дээрлик төмөн” деп баалагандардын жогорку үлүшү айырмаланып турат. “Жолдордогу жүктүн көптүгү” – аспектисин “жогору” жана “дээрлик жогору” деп баалаган респонденттердин жалпы үлүшү 64,4%ды түздү.
- Сурамжыланган адамдардын 80,1%ы дайыма коопсуздук курларын пайдаланышат. Ар бир алтынчы адам коопсуздук курун дайыма пайдаланууга аракеттене тургандыгын, бирок унутуп калаарын айткан (15,4%). 4,5%ы коопсуздук курун такыр эле пайдаланбай тургандыгын моюндарына алышкан. Эркек жынысындагы жана жаш курактагы респонденттер коопсуздук курун тагынууну унутуп калууга же аларды такыр пайдаланбоого жакын келишет.
- Сурамжыланган калктын 67,3%нын пикири боюнча, коопсуздук курлары адамдар тарабынан алардын коопсуздугун камсыздоо үчүн колдонулат. 32,7% респондент коопсуздук куру айып пул түрүндөгү жазадан качуу үчүн колдонулат деп эсептешет. Респонденттердин курагы канчалык жаш болсо, коопсуздук куру айып пул түрүндөгү жазалоодон качууга арналган деп эсептегендер ошончолук көп.

- 57,7% респондент жол кыймылынын коопсуздугун “канааттандыраарлык” деп баалашат. 21,5%ы “канааттандыраарлык эмес” десе, сурамжылангандардын 8,9%ы жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо деңгээлин “начар” деп эсептешет.
- Үчтөн көп бөлүгү (35,2%) ЖКККББ ЖК коопсуздугун камсыздайт деп эсептешет. Ошол эле учурда сурамжылангандардын 32,8%ы алар жол кыймылынын коопсуздугу менен эмес, жашыруун байкоо жүргүзүү менен алектенет деп ишенишет. Ар бир жетинчи респонденттин пикиринде ЖКККББ ЖКЭ бузулушуна бөгөт коёт (13,6%), ал эми 6,6% алар өздөрү көп учурда ЖКЭнин бузулушуна түрткү болушат деп белгилешет.
- 36,7% сурамжыланган калк ЖКККББны реформалоо тууралуу эч нерсе угушкан эмес. 14,9% респондент өлкөнүн жолдорундагы оң өзгөрүүлөрдү белгилешет. 38,3%ынын пикиринде жол кыймылынын коопсуздугу толук көлөмдө камсыздалбайт. Айыл жергесинин жашоочуларынын 41,7%ы ЖКККББ реформасы тууралуу угушкан эмес, шаар жашоочуларынын арасында мындайлардын үлүшү 25,4%ды түзөт.
- 49,2% сурамжыланган калк жол кыймылын жалпысынан алганда бузат дешет. Ал эми 47,3%ы ЖКЭни сейрек бузат деп моюндарына алышса, 2,4%ы ЖКЭни көп бузат дешет.
- Жол-транспорт окуяларынын негизги себептеринин бешилтигине респонденттердин пикиринде: айдоочулардын тартип сактабагандыгы; андан ары чоң айырмачылык менен автомектептердеги айдоочуларды даярдоонун төмөндүгү; баңги жана алкоголго мас абалында унаа айдоо; жөө жүрүүчүлөрдүн жүрүм-турумундагы маданияттын төмөндүгү; ошондой эле коррупция кирди.
- 80,9% калк шаар жана айылдардагы жол кыймылынын коопсуздугу боюнча калк менен иштөөдө жүргүзүлүп жаткан алдын алуу иштерин жетишсиз деп эсептешет.
- Сурамжыланган кыргызстандыктардын пикиринде ЖТК алдын алуунун негизги чаралары: айдоочуларды окутууну жакшыртуу; эреже бузууларды каттоо боюнча технологияларды (видеокамераларды) жайылтуу; ЖКЭни бузгандыгы үчүн жазалоо чараларын күчөтүү, ошондой эле айдоочуларга мезгил-мезгили менен аттестациялоо болууга тийиш.
- 96,5% сурамжыланган респонденттер окуучуларды жол кыймылынын коопсуздугуна окутуу үчүн мектептерде милдеттүү атайы программаны киргизүү зарыл деп эсептешет.

## СОЦИОЛОГИЯЛЫК СУРАМЖЫЛООНУН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ


Коомдук транспорт сурамжыланган кыргызстандыктардын басымдуу бөлүгү (61%) үчүн күнүмдүк жашоодогу орун которуштуруунун негизги каражаты болуп саналат. Жеке автоунаа менен жүрүүнү респонденттердин үчтөн көбүрөөк бөлүгү (34,3%) жакшы көрөт. 3,5%ы гана шаарда жөө жүрүшөт. Велосипед жана мотоцикл/мопед калк арасында анчалык жайылган эмес (1-диаграмманы кар.).

**1-диаграмма. Сиз күнүмдүк жашоодо шаарда эмнен менен жүрөсүз? №738**





Коомдук транспортту эркек жынысындагы респонденттерге (орто эсеп менен 39,2%) салыштырмалуу аял жынысындагы респонденттер (орто эсеп менен 81,4%) көп колдонушат. Эркектер күнүмдүк жашоодо шаарда өзүнүн автоунаасы менен жүрүүнү артык көрүшөт (54,6% каршы15,2%) (2-диаграмманы кар.).

**2-диаграмма. Сиз күнүмдүк жашоодо шаарда эмне менен жүрөсүз? №738**




Ушул суроого берилген жооптордогу айрым айырмачылыктар жашаган областы боюнча дагы айырмаланат. Коомдук транспорт Ош (69,5%), Бишкек (68,3%) шаарында, Баткен (65,9%) жана Жалал-Абад областтарында (61%) күнүмдүк орун которуштуруу үчүн артыкчылыкка ээ. Жеке автоунаа калк арасында салыштырмалуу түрдө бардык областтарда бирдей даражада жайылтылган (3-диаграмманы кар.). Күнүмдүк жашоодо өзүнүн автоунаасынан пайдалангандардын үлүшү кыйла төмөн аймак Ош шаарынын жашоочулары (26,8%), ал эми эми мындайлардын көбүрөөк жогорку үлүшү Ысык-Көл областында (40,2%) белгиленет.

**3-диаграмма. Сиз күнүмдүк жашоодо шаарда эмне менен жүрөсүз? №738**





Сурамжыланган 44,4% респондент айдоочулук күбөлүккө ээ (4-диаграмманы кар.). Алардын арасында айдоочулук күбөлүккө ээ болгон эркектердин үлүшү аялдардын үлүшүнө караганда кыйла басымдуулук кылат (73,9% каршы 16,8%).

**4-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүгүңүз барбы? №738**





Айдоочулук күбөлүктөргө баарынан дагы 35-54 жаштагы курак категориясындагы респонденттер (51,5%) ээ. Ошол эле учурда 18-34 жаштагы жаштар арасында жана 55 жаштан жогорку куракташтагыларда айдоочулук күбөлүктөрү жоктор көп белгиленет (5-диаграмманы кар.).

**5-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүгүңүз барбы? №738**





Айдоочулук күбөлүктөрдүн бар экендигин көбүнчө шаар жергесинин жашоочулары жана бир азыраагы айыл жашоочулары белгилешти (54,4% каршы 40,2%). Айдоочулук күбөлүгү барлардын кыйла жогорку үлүшү Талас жана Нарын областарынын жашоочуларынын арасында (76,9%дан болду) болуп чыкты. Айдоочулук күбөлүккө ээ болгондордун эң эле аз саны Жалал-Абад областынын шаардык жашоочуларынын (25%) жана Нарын (30,4%), Баткен (31,1%) жана Талас (36,2%) областарынын жашоочулары болду (6-диаграмманы кар.).

**6-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүгүңүз барбы? №738**





«В» жана «С» категориялары өлкөнүн айдоочулук күбөлүктөргө ээ болгон жашоочуларынын арасында көбүрөөк жайылган болуп саналат. Айдоочулук күбөлүктүн “В” категориясы аял жынысындагы айдоочулардын (87,5%) арасында көбүрөөк таралган, ошол эле учурда эркектер арасында кыйла аз (48,5%). Сурамжыланган эркектердин үчтөн көп бөлүгү (38,6%) «С» категориясына ээ. Мындай категориядагы аялдар болгону 9,7%ды түздү (7-диаграмманы кар.).

**7-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүгүңүздүн категорияларын көрсөтүңүз. №328**





Сурамжыланган респонденттердин жарымынан көбү 10 жылдан бери айдоочулук күбөлүккө ээ (48,5%). Ар бир төртүнчүсү аны акыркы 5-10 жылдын арасында алган (25,9%). Ар бир сегизинчи адам 3 жылдан 5 жылга чейинки убакыттан бери айдоочулук күбөлүүк ээ (12,8%). Бардыгы болуп 12,8% респондент 3 жылдан аз убакыт мурда айдоочулук күбөлүк алгандар болуп чыкты (8-диаграмманы кар.).

**8-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүктү алганыңызга канча убакыт болду? №328**





Төмөндөгү диаграмма эркек жынысындагы респонденттер өзүнүн айдоочулук күбөлүктөрүн көбүнчө 3-5 жылдан кем эмес убакытта алышкан. Ошол эле учурда аял жынысындагы респонденттердин басымдуу бөлүгү акыркы 3 жылдын ичинде өзүнүн айдоочулук күбөлүктөрүн алышкан (9-диаграмма).

**9-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүктү алганыңызга канча убакыт болду? №328**





Ушул суроо боюнча маанилүү айырмачылыктарды респонденттердин курагы боюнча дагы көрүүгө болот. 18-34 жаштагы жаштардын үлүшү 10 жылга чейин айдоочулук күбөлүккө ээ болгондордун тобунда басымдуулук кылат. Ошол эле учурда 35 жаштан жогорку курактагы респонденттер өзүнүн айдоочулук күбөлүктөрүн 10 жылдан көп убакыт мурда алышкан (10-диаграмманы кар.).

**10-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүктү алганыңызга канча убакыт болду? №328**





Өзүнүн айдоочулук күбөлүгүн 5 жыл мурда (чейин) алгандардын кыйла жогорку үлүшү Бишкек шаарында (41,3%) жана Чүй областында (32,5%) белгиленет. Баткен (80,6%) жана Ысык-Көл (89,5%) областтарында өзүнүн айдоочулук күбөлүктөрүн 5 жана андан көп жыл мурда алган респонденттердин үлүшү басымдуу (11-диаграмманы кар.).

**11-диаграмма. Сиздин айдоочулук күбөлүктү алганыңызга канча убакыт болду? №328**





Жалпысынан алганда төмөндөгү диаграммадан жол кыймылынын аспектилеринин көпчүлүгү респонденттер тарабынан "төмөн" же "дээрлик төмөн" деңгээлде баалана тургандыгын көрүүгө болот. Жол кыймылынын: жол жана жол жабууларынын абалы/сапаты (82,9%), айдоочулардын тартиби (77,2%), жүрүм-турум маданияты жана жөө жүрүүчүлөрдү укуктук даярдык (73,8%) сыяктуу аспектилери "төмөн" же "дээрлик төмөн" деп жалпы баалагандардын жогорку үлүшү айырмаланып турат. "Жолдордогу жүктүн көптүгү" – аспектисин "жогору" жана "дээрлик жогору" деп баалаган респонденттердин жалпы үлүшү 64,4%ды түзгөндүгү гана өзгөчөлөнөт. (12-диаграмманы кар.).

**12-диаграмма. Жол кыймылынын төмөндөгү аспектилерин баалашыңызды өтүнөбүз №738**




Сурамжыланган адамдардын 80,1%ы дайыма коопсуздук курларын пайдаланышат. Ар бир алтынчы адам коопсуздук курун дайыма пайдаланууга аракеттене тургандыгын, бирок унутуп калаарын айткан (15,4%). 4,5%ы коопсуздук курун такыр эле пайдаланбай тургандыгын моюндарына алышкан. (13-диаграмманы кар.).

**13-диаграмма. Сиз коопсуздук курун пайдаланасызбы? №738**




Эркек жынысындагы жана жаш курактагы респонденттер коопсуздук курун тагынууну унутуп калышат же аларды такыр пайдаланышпайт. Ошол эле учурда аял жынысындагы респонденттер жана улуу курактагы категориядагылар коопсуздук курун дайыма пайдалана тургандыгын көп белгилешкен (14-диаграмманы кар.).

**14-диаграмма. Сиз коопсуздук курун пайдаланасызбы? №738**





Бул суроо боюнча жооптордогу айырмачылыктарды респонденттердин жашаган областы боюнча дагы көрүүгө болот. Ысык-Көл (25,6%), Талас (18,3%) областтарынын жана Ош шаарынын (18,3%) жашоочулары кээде коопсуздук курун тагынууну унутуп калышарын көп моюндарына алышкан. Жалал-Абад (86,6%) жана Баткен (87,8%) областтарынын жашоочулары башка областтардын жашоочуларына караганда коопсуздук курун дайыма колдонуша тургандыгын белгилешкен (15-диаграмманы кар.).

**15-диаграмма. Сиз коопсуздук курун пайдаланасызбы? №738**





Сурамжыланган калктын 67,3%нын пикири боюнча, коопсуздук курлары адамдар тарабынан алардын коопсуздугун камсыздоо үчүн колдонулат. Аял жынысындагы респонденттер мындай пикирди эркек жынысындагыларга караганда көбүрөөк карманышат. Респонденттердин үчтөн көп бөлүгү коопсуздук курлары айып пул түрүндөгү жазалоодон качуу үчүн колдонулат деп ишенет (16-диаграмманы кар.).

**16-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, адамдар коопсуздук курун эмне себептен пайдаланышат? №738**





Жаштар коопсуздук куру айып пул түрүндөгү жазалоодон качууга арналган деп эсептешет. Респонденттердин курагы канчалык улуу болсо, коопсуздук куру аларды коркунучтардан коргойт деп эсептегендер ошончолук көп (17-диаграмманы кар.).

**17-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, адамдар коопсуздук курун эмне себептен пайдаланышат? №738**





Респонденттердин жоопторундагы маанилүү айырмачылыктарды респонденттердин жашап жаткан калктуу пункту жана областы боюнча белгилөөгө болот. Талас (53,8%), Баткен шаарлары, Ош (42,9%дан) областынын жашоочулары, ошондой эле Чүй областынын шаарларынын (40%) жана айылдарынын (43,3%) жашоочулары коопсуздук куру айып пул түрүндөгү жазалоодон качуу үчүн пайдаланылат деп эсептешет (18-диаграмманы кар.).

**18-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, адамдар коопсуздук курун эмне себептен пайдаланышат? №738**





Сурамжыланган респонденттердин жарымынан көбү жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоону “канааттандыраарлык” (57,7%) деп баалашат, ал эми ар бир бешинчиси (21,5%) “канааттандыраарлык эмес” десе, сурамжыланган калктын 8,9%ы жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо деңгээлин “начар” деп эсептешет жана болгону 4,2%ы гана «эң жакшы» катары баалаган.

**19-диаграмма. Сиз ЖК коопсуздугун камсыздоо деңгээлин кандай баалайсыз? №738**




20-диаграммада калктын пикири көбүнчө жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо деңгээлин “канааттандыраарлык” катары баалаша тургандыгы чагылдырылган. Мындай пикирди баарынан көбүнчө Талас (70,7%), Ысык-Көл (65,9%) жана Баткен (64,6%) областтарынын жашоочулары карманышат. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо деңгээлин канааттандыраарлык эместигин жана начар деңгээлин Бишкек шаарынын (41,2% жалпы), Нарын (36,6%), Чүй (35,4%) жана Жалал-Абад (34,1%) областтарынын жашоочуларды белгилешти (20-диаграмманы кар.).

**20-диаграмма. Сиз ЖК коопсуздугун камсыздоо деңгээлин кандай баалайсыз? №738**




Калктын ЖКККББнын ишмердүүлүгү менен байланышкан пикирлердеги ойлору айырмаланды. Айрымдары бөлүгү (35,2%) ЖКККББ ЖК коопсуздугун камсыздайт


деп эсептешет, ал эми 32,8%ы алар жол кыймылынын коопсуздугу менен эмес, жашыруун байкоо жүргүзүү менен алектенет деп ишенишет. Ар бир жетинчи респонденттин пикиринде ЖКККББ ЖКЭ бузулушуна бөгөт коёт (13,6%), ал эми 6,6% алар өздөрү көп учурда ЖКЭнин бузулушуна түрткү болушат деп белгилешет. (21-диаграмманы кар.).

**21-диаграмма. Сиз төмөндө айтылгандардын ичинен кайсынысына көбүрөөк кошуласыз? №738**




Бул суроо боюнча пикирлердеги айдан ачык айырмачылыктар шаар жана айыл жашоочуларынын ортосунда белгиленет. Шаар жашоочулары шектүү маанайда жана ЖКККББ ишмердүүлүгү тууралуу көп учурда терс пикирлерин билдиришкен, ошол эле учурда айыл жашоочулары бул органдын ишмердүүлүгү боюнча оң пикирлерин айтышкан (22-диаграмманы кар.).


**22-диаграмма. С из төмөндө айтылгандардын ичинен кайсынысына көбүрөөк кошуласыз? №738**




Сурамжыланган калктын үстөн көп бөлүгү ЖКККББны реформалоо тууралуу эч нерсе угушкан эмес. Мындайлардын арасында аял жынысындагы респонденттер баарынан көп (47,5% каршы 25,2%). Ар бир жетинчи респондент өлкөнүн жолдорундагы жакшы өзгөрүүлөрдү белгилешет (14,9%). Бирок көбүнчө ушул органды реформалоо тууралуу укпагандардын арасында жол кыймылынын


коопсуздугу толук өлчөмдө камсыздалбайт дегендер басымдуу (38,3%). Мындай пикирлерди эркек жынысындагы респонденттер көп бөлүшкөн (49,6% каршы 27,8%). Ар бир онунчу респондент ушул суроого жооп бере алган эмес (23-диаграмманы кар.).

**23-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, ЖКККББ реформалоодо бир нерсе өзгөрдүбү? №738**




Айыл жергесинин жашоочуларынын 41,7%ы ЖКККББ реформасы тууралуу угушкан эмес, шаар жашоочуларынын арасында мындайлардын үлүшү 25,4%ды түзөт. Шаардык жашоочулар көбүнчө терс баа беришти жана жол кыймылынын коопсуздугу толук камсыздалбайт деп белгилешти (50% каршы 33%). Айылдык дагы, шаардык дагы респонденттердин ичинен сурамжылангандардын бардыгы болуп 14%ы жолдордогу кырдаал жакшырып калгандыгын белгилешти (24-диаграмманы кар.).

**24-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, ЖКККББ реформалоодо бир нерсе өзгөрдүбү? №738**




Бул суроо боюнча чоң айырмачылыктарды респонденттердин жашаган областы боюнча дагы көрүүгө болот. ЖКККББ реформалоо тууралуу укпагандардын көпчүлүгү Баткен (61%), Талас (50%) жана Нарын (40,2%) областтарында байкалат.


Бардык областтар боюнча респонденттердин негизги үлүшү жол кыймылынын коопсуздугу толук камсыздалбайт деп белгилешти, бирок мындайлар Бишкек шаарында (53,7%), Ысык-Көл (48,8%), жана Чүй (45,1%) областтарында болду. Жолдордогу кырдаалдын жакшыруусун баарынан дагы Ош областынын (20,7%) жана Бишкек шаарынын (22%) жашоочулары белгилешти (25-диаграмманы кар.).

**25-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, ЖКККББ реформалоодо бир нерсе өзгөрдүбү? №738**




Сурамжыланган калктын жарымы жол кыймылын жалпысынан алганда такыр бузбайбыз дешет (49,2%). Сурамжылангандардын жарымынан бир аз азыраагы (47,3%) ЖКЭни сейрек бузарын моюндарына алышса, 2,4%ы ЖКЭни көп бузат. (26-диаграмманы кар.).


**26-диаграмма. Сиз өзүңүз жол эрежесин тез-тез бузасызбы? №738**




Жалпысынан, бардык курак категориялардагы респонденттер ЖКЭни сейрек бузушат. Эркек жынысындагы респонденттер аял жынысындагыларга


салыштырмалуу ЖКЭни сейрек бузушат. Ал эми аял жынысындагы респонденттер алар деги эле ЖКЭни бузбайбыз деп жооп беришти (27-диаграмманы кар.).

**27-диаграмма. Сиз жол эрежесин өзүңүз тез-тез бузасызбы? №738**




Башка областтарга салыштырмалуу эки – Баткен жана Талас областынын жашоочуларынын көпчүлүгү алар ЖКЭни такыр бузбайбыз деп белгилешкен (68,3%). Андан тышкары бул областтарда ЖКЭни сейрек бузгандардын үлүшү башка областтарга караганда азыраак санда болуп чыкты (28-диаграмманы кар.).

**28-диаграмма. Сиз өзүңүз жол эрежесин тез-тез бузасызбы? №738**





Жол-транспорт окуяларынын негизги себептеринин бешилтигине респонденттердин пикиринде: айдоочулардын тартип сактабагандыгы; андан ары чоң айырмачылык менен автомектептердеги айдоочуларды даярдоонун төмөндүгү; баңги жана алкоголго мас абалында унаа айдоо; жөө жүрүүчүлөрдүн жүрүм-турумундагы маданияттын төмөндүгү; ошондой эле коррупция кирди (29- диаграмманы кар.).

**29-диаграмма. Сиздин көз карашыңызда жол-транспорт кырсыктарынын негизги себептери кайсылар? №738**





Төмөндөгү диаграммада калктын көпчүлүгү калк  шаар жана айылдардагы жол кыймылынын коопсуздугу боюнча калк менен иштөөдө жүргүзүлүп жаткан алдын алуу иштерин жетишсиз деп эсептешет (80,9%). Ар бир бешинчи респондент (19,1%) алардын калктуу пункттарында жүргүзүлгөн алдын алуу ишин жетишсиз деп эсептешет (30-диаграмманы кар.).

**30-диаграмма. Сиздин шаарда, айылда (башка калктуу пунктта) өткөрүлүп жаткан жол кыймылынын коопсуздугу боюнча алдын алуу иштери жетиштүүбү? №738**




Жалпысынан алганда  шаарларда дагы, ошондой эле айылда да жашаган калктын көпчүлүгү калк менен жол кыймылынын коопсуздугу боюнча жүргүзүлгөн алдын алуу иштерин жетишсиздигин айтышат. Бирок баарынан дагы мындай зарылчылык Чүй (6,7%), Талас (7,7%) жана Ысык-Көл (8%) областтарынын шаарларында белгиленет (31-диаграмманы кар.).

**31-диаграмма. Сиздин шаарда, айылда (башка калктуу пунктта) өткөрүлүп жаткан жол кыймылынын коопсуздугу боюнча алдын алуу иштери жетиштүүбү? №738**




Сурамжыланган кыргызстандыктардын пикиринде ЖКЭ алдын алуунун негизги чарасы: ЖТК алдын алуунун негизги чаралары: айдоочуларды окутууну жакшыртуу; эреже бузууларды каттоо боюнча технологияларды (видеокамераларды) жайылтуу; ЖКЭни бузгандыгы үчүн жазалоо чараларын күчөтүү, ошондой эле айдоочуларга мезгил-мезгили менен аттестациялоо болууга тийиш (32-диаграмманы кар.).

**32-диаграма. Сиздин көз карашыңызда ЖТК алдын алуунун кайсы чаралары көбүрөөк натыйжалуу? №738**




Бардык саналып өткөн чараларды көрүүнү ар бир үчүнчү респондент (28,2%) зарыл деп эсептейт. 96,5% сурамжыланган респонденттер окуучуларды жол кыймылынын коопсуздугуна окутуу үчүн мектептерде милдеттүү атайы программаны киргизүү зарыл деп эсептешет. Калктын 3,5%ы тескерисинче мындай зарылчылык жок деп эсептешет (33-диаграмманы кар.).

**33-диаграмма. Сиз кандай ойлойсуз, окуучуларга жол кыймылынын коопсуздугун окутуу үчүн мектептерге милдеттүү атайы программа киргизүү зарылбы? №738**

